ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ БӨЛҮМҮ

“Бекитемин”
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков _________
“____” ______________ __2022-ж.

# “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсунун ЖОБОсу

Ош-2022

**“ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсунун**

**ЖОБОсу**

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо 2022-2023-окуу жылында “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт.

1.2. Конкурстун уюштуруучусу болуп Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) эсептелет.

1.3. Конкурс билим берүүнүн мазмунун жаңылоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл ишмердигин өнүктүрүүгө, чыгармачыл активдүүлүктү жогорулатууга, инновациялык иштелмелерди жана технологияларды колдоого, билим берүүчүлүк ишмердиктеги жетишкендиктерди стимулдаштырууга, коомдо билим берүүнүн приоритеттерин орнотууга багытталган.

1.4. Конкурс жалпы университеттик статуска ээ жана төмөнкү максаттарында уюштурулат:

- Кесиптик жогорку жана орто билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- Кесиптик билим берүүнүн азыркы системасы жөнүндө позитивдүү коомдук пикирди калыптандыруу;
- Педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- Талантуу окутуучуларды аныктоо жана алардын чыгармачыл жана кесиптик потенциалын ачып көрсөтүү;
- Компетенттүүлүк мамиленин негизинде окуу процессин уюштурууну жайылтуу.

1.5. Конкурс “ОшМУнун мыкты окутуучусу” номинациясы боюнча өткөрүлөт.

1.6. Конкурска педагогдук **3 жылдан** кем эмес стажы бар, ошондой эле, окумуштуулук даражасынын бар же жок болушунан көз карандысыз ОшМУнун штаттык окутуучулары өз каалоосу менен катыша алышат.

1.7. Конкурс жөнүндө маалымат ОшМУнун сайтына жайгаштырылат.

1.8. Конкурска катышкан окутуучу 3 (үч) жылдан кийин кайрадан катыша алат.

## II. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби

2.1. ОшМУнун сайтында “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсун өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланат (февраль, 2020-ж.).

2.2. Конкурс үч этапта жүргүзүлөт:

1-этап: “Кафедранын мыкты окутуучусу”
2-этап: “Факультеттин мыкты окутуучусу”
3-этап: “ОшМУнун мыкты окутуучусу”

**1-этап**: кафедралык тур (февраль, 2022-ж.): кафедра мүчөлөрү конкурска катышып жаткан талапкерлердин окуу-методикалык документациясын жана сабактарын анализдеп “Кафедранын мыкты окутуучусун” аныкташат;

**2-этап**: факультеттик тур (март, 2022-ж.): факультеттин комиссиясы кафедралардан аныкталган мыкты окутуучулардын экиден сабактарына катышат, же эки видеосабактарын көрүп, анализдейт, ошондой эле “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсүн өткөрөт. Жыйынтыгында “Факультеттин мыкты окутуучусун” аныкташат жана университеттик турга 1 (бир) талапкерди сунушташат;

**3-этап**: университеттик тур (апрель-май, 2022-ж.): эки этап менен өтөт – тандоо жана финалдык. 3-турга талапкерлер тиркемелерде көрсөтүлгөн документацияларды жана бирден видеосабактын материалын тапшырышат. Тандоо этабында конкурсанттардын документациясы талдоого алынып, финалдык этаптын катышуучулары тандалат.

Комиссия финалисттердин тандоо жана финалдык этабындагы топтогон жалпы баллдарынын суммасын эсептеп чыгарат жана анын негизинде “ОшМУнун мыкты окутуучусу” номинациясына татыктуусун аныктайт.

2.3. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү боюнча 1-2-этаптарында факультеттин деңгээлиндеги уюштуруу комитети жана комиссиянын курамы ОМКнын жетекчилиги тарабынан аныкталат. Ал эми 3-этабын өткөрүү боюнча ректораттын деңгээлиндеги уюштуруу комитети түзүлүп, ал ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

2.4. Уюштуруу комитетин төрага (төрайым), ал жок учурда анын орун басары жетектейт.

2.5. Конкурстун уюштуруу комитетинин милдеттери жана укуктары:

- Конкурсту өткөрүүнүн тартибин, формасын жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- Конкурска талапкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү материалдардын жасалгасына коюлуучу талаптарды аныктайт;
- Конкурска тапшырылган материалдардын мазмунун жана аларды баалоонун нормаларын, критерийлерин иштеп чыгат;
- Конкурстун эксперттик кеңешинин, жюринин курамын калыптандырат, алардын ишинин регламентин аныктайт;
- Конкурстун финалисттерин жана жеңүүчүлөрүн аныктайт;
- Конкурсту университеттин сайтына жарыялоону, маалыматтык материалдарды чыгарууну камсыздайт.
- Комиссиянын курамынан 3 кишиден кем эмес эсептөө комитети түзүлөт.
- Конкурсанттын видеосабагын видеого тартуу жагы ББСБга жүктөлөт.
- Талаш-тартыш маселелер орун алган учурда, көз карандысыз эксперттерге кайрылышат.

2.6. Экинчи этаптын жыйынтыгы боюнча конкурска катышууга талапкер Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө (ББСБ) басма жана электрондук түрдө (meilikanalt@rambler.ru; bayzasultanova@mail.ru; jazgul_abdirasul_kyzy@rambler.ru) милдеттүү документтерди жиберишет):

- Талапкерди конкурска катышууга көрсөтүү жөнүндө факультеттин Окуу-методикалык кеңешинин, Окумуштуулар Кеңешинин протоколунун негизделген чечиминин көчүрмөсү;
- Конкурска катышуу үчүн арыз (1-тиркеме);
- Конкурска катышуучунун анкетасы (2-тиркеме);
- “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсүнүн жыйынтыгы;
- Комиссия мүчөлөрү факультеттен сунушталган конкурсанттын 1 (бир) лекциялык сабагына катышышат, анализдешет жана өз учурунда анын сабактан топтогон баллын угузушат.
- Конкурсанттын сабагы ОшМУнун “Үмүт” телестудиясы тарабынан видеого тартылат. Жеңүүчүлөрдүн видеосабактары сайтка жүктөлөт.
- Окуткан дисциплинасы боюнча окуу-методикалык комплекси (ОМК).

2.7.Конкурстун уюштуруу комитети тарабынан курамы кесиптик билим берүүдө педагогикалык, илимий жана коомдук алгылыктуу тажрыйбага, конкурстук (чыгармачыл) жумуштарды экспертизациялоонун көндүмдөрүнө ээ болгон адистерден турган эксперттик топ түзүлөт.

2.8.Эксперттик топтун мүчөлөрү талапкерлердин уюштуруу комитетине тапшырган материалдарын талдап, баа беришет 2-4-тиркемелер).

2.9.Конкурсту өткөрүүдөгү принциптер:

- ачыктык;
- объективдүүлүк;
- ыктыярдуулук;
- кесиптик этиканын нормаларын сактоо.

III. **«Мыкты окутуучу» сынагынын катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**

3.1.Сынактын катышуучусу арыздарды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин конкурстук комиссияга жазуу жүзүндө билдирүү менен өзүнүн арызын чакыртып алууга жана (же) өзгөртүүгө укуктуу.

3.2 Сынактын катышуучусу ушул Жободо аныкталган сынактын эрежелерин сактоого милдеттүү.

3.3. Сынактын шарттары менен таанышуу жана Сынактын жүрүшү тууралуу маалымат, кеңештерди алуу;

- ушул Жободо аныкталган тартипте Сынакка катышууга;
- Сынактын шарттары жана шарттары жөнүндө маалымат алууга;
- Сынактын Жеңүүчүсү деп табылган учурда Сыйлыкты алууга.

3.4. Эгер сиз утсаңыз, байгени өз каалооңуз боюнча колдонуңуз.

3.5.Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн ишине канааттанбаган учурда конкурстук комиссиянын төрагасына даттануу берүүгө.

**Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттенет:**

- ушул Регламенттин талаптарын сактоого, анын ичинде ушул Регламентте белгиленген мөөнөттө Сынакка катышууга байланыштуу бардык аракеттерди жасоого;
- "Мыкты окутуучу" конкурсу боюнча ушул Жободо каралган башка милдеттерди аткарат.

**IV. Конкурстун финалдык этабы**

4.1.Конкурстун финалдык этабын өткөрүү тартибин уюштуруу комитети аныктайт.

4.2.Конкурстун катышуучулары төмөнкү милдеттүү конкурстук тапшырмаларды аткарышат:

- кесиптик жогорку, орто билим берүүнүн учурдагы тенденцияларын чагылдырган мастер-класс (15 минуттан ашпаган) өткөрүшөт;
- Дисциплинанын окуу методикалык комплексин тапшырышат.

4.3.Финалдык турдун конкурстук тапшырмаларын уюштуруу комитетинин чечими менен аныкталган жюри баалайт.

4.4.Жюринин ишин уюштуруу комитетинин төрагасы (төрайымы) жетектейт.

4.5.Жюринин функциялары:

- конкурстанттардын кесиптик жана чыгармачыл жөндөмдөрүнө баа берет;

- ачык добуш берүү менен, топтолгон баллдардын негизинде конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечим чыгарат.

4.6.Жюринин курамындагы тизме боюнча анын жарымынын көп мүчөсү катышкан отурумунун конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечими укуктуу болуп эсептелет.

4.7.Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу үчүн жюринин чечиминин төрага кол тамга койгон протоколу уюштуруу комитетине тапшырылат.

**V.Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо**

5.1.Конкурстун катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.

5.2.Конкурстун финалисттери дипломдор менен сыйланышат.

5.3. Стимулдаштыруу максатында берилүүчү сыйлыктар ОшМУнун финансылык бөлүмүнүн пландоосуна жараша чегерилет.

5.4.“ОшМУнун мыкты окутуучусу - 2023” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлык берилет:

I орун – 50 000 (элүү миң сомдон кем эмес)

II орун – 30 000 (отуз миң сомдон кем эмес)

III орун – 20 000 (жыйырма миң сомдон кем эмес)

***Эскертүү:***

*Конкурска жөнөтүлүүчү бардык материалдар кыргыз же орус тилдеринде кагаз жана электрондук түрүндө тапшырылат. Жеңүүчүлөрдүн электрондук документтери ББСБнын сайтында сакталат. Кагаз түрүндөгү материалдар конкурсанттарга кайтарылып берилет.*

**1-тиркеме**

Конкурстун уюштуруу комитетине

________________________________

(кафедра, кызмат орду)

________________________________

________________________________

(аты-жөнү)

________________________________

арыз

Мени “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышуучулардын тизмесине кошуп коюуну суранам.

Конкурска катышуууга төмөнкүлөр негиз болот:

- Факультеттин окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмө
- Факультеттин окумуштуулар кеңешинин  протоколунан көчүрмө.

Кол тамга: _________________

“___” _______________2022-ж.

**2-тиркеме**

**“ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышуу үчүн**
**анкета**

Катышуучунун аты-жөнү: ____________________________________________

Окуткан дисциплинасы: ______________________________________________

Окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы: _____________________________

_______________________________________________________________

Педагогикалык стажы: _______________________________________________

Байланыш малыматтары:

Моб.телефон: ______________________ E-mail: _____________________________

Катышуучунун сапаттык жана сандык жетишкендиктери:

| № | **Көрсөткүчтөр** | **Негизги мүнөздөмөлөр** |
|---|---|---|
| 1. | Жеке өзүнүн же авторлош болуп жарык көргөн эмгектери (эмгектин көлөмүн, авторлошторду көрсөтүү керек): | Окуу китеби (КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган) |
| | | Монография |
| | | Окуу колдонмо (Окуу-методикалык кеңеши (ОМК) тарабынан сунушталган) |
| | | Электрондук окуу куралдары (ОМК тарабынан сунушталган) |
| | | Окуу-усулдук колдонмо (ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунушталган) |
| 2. | Окуу процессинде колдонгон инновациялык окутуу технологиялары | Окутуунун өздүк инновациялык технологияларын колдонуу тажрыйбасы (колдонуунун жолдорун баяндоо менен) |
| | | Окутуунун инновациялык технологияларын өздөштүрүүсү жана окуу ишмердигинде апробациялоосу, анын натыйжасы (колдонуунун жолдорун баяндоо менен) |
| | | Элективдик курстардын программасын иштеп чыгуусу |
| | | Окуу материалдары жана интерактивдүү режимдеги окутуунун түрлөрүнүн презентацияларын иштеп чыгуу жана колдонуу (презентациялардын электрондук версиясы) |
| 3. | Өткөргөн ачык сабактары | Сабактарга катышуунун анализи, жетекчилик жана окутуучулар тарабынан бааланышы (өткөрүлгөн ар бир ачык сабакка катышуу жөнүндө протоколдун көчүрмөсү) |
| 4. | Студенттин, магистрдин илимий изилдөө жана | Предметтик олимпиадага дарядаган студенттердин жеңүүчүлөрүнүн саны, аты-жөнү:<br>-университеттик деңгээлде;<br>-жождор аралык деңгээлде;<br>-республикалык деңгээлде;<br>-эл аралык деңгээлде. |

| | | |
|---|---|---|
| | чыгармачыл ишине жетекчилик кылуу | Окутуучунун жетекчилиги астында студенттердин илимий изилдөө жана чыгармачылык иштери боюнча конкурстун жеңүүчүлөрүнүн саны, аты-жөнү:<br>-университеттик деңгээлде;<br>-жождор аралык деңгээлде;<br>-республикалык деңгээлде;<br>-эл аралык деңгээлде. |
| | | Окутуучунун жетекчилиги астында студенттердин илимий конференцияларга, ж.б. иш чараларга макала менен катышуусу, жарык көрүшү (саны, аты-жөнү) |
| 5. | “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсүнүн жыйынтыгын эске алуу менен окутуунун сапаты | Жогорку бааны беришти:<br>суралгандардын 90%<br>- 70-89%<br>- 50-69%<br>- 50% га чейин. |
| | | Орто бааны беришти:<br>суралгандардын 90%<br>- 70-89%<br>- 50-69%<br>- 50% га чейин. |
| | | Төмөнкү бааны беришти:<br>суралгандардын 90%<br>- 70-89%<br>- 50-69%<br>- 50% га чейин. |
| 6. | Окуткан дисциплиналары боюнча студенттердин жетишүүсүнүн сапаты | Акыркы окуу жылында окуткан дисциплиналары боюнча студенттердин жетишүүсү: (кафедранын отчетунан көчүрмө, AVN ИСдан маалымат) |
| 7. | Коомдук иштерге катышуу | Түрдүү комиссиянын, комитеттердин, жумушчу топтордун курамында иштерге катышуу: (иш чаранын аталышы, аткарган жумуш, натыйжа)<br>- факультеттик деңгээлде;<br>- университеттик деңгээлде;<br>- республикалык деңгээлде;<br>- регионалдык деңгээлде;<br>- эл аралык деңгээлде. |
| 8. | Тарбиялык иштерге катышуу | Комплекстүү иш чараларды жүзөгө ашыруу: нравалык-патриоттук, маданий, спорттук ж.б.: (иш чаранын аталышы, аткарган жумуш, натыйжа)<br>- факультеттик деңгээлде;<br>- университеттик деңгээлде;<br>- республикалык деңгээлде;<br>- регионалдык деңгээлде;<br>- эл аралык деңгээлде. |
| 9. | Илимий изилдөөлөргө катышуусу | Эл аралык долбоорлор |
| | | Республикалык долбоорлор |

| | | |
|---|---|---|
| | | Келишим түрүндөгү иштер (долбоорлор) |
| 10. | Илимий жетишкендиктери | Публикациялар:<br>- рейтинги жогору илимий басылмалар (импакт-фактору менен);<br>- ЖАКтын тизмесине кирген басылмалар;<br>- башка басылмалар. |
| | | Илимий иш чараларга катышуу:<br>- эл аралык конференциялар, симпозиумдар;<br>- республикалык конференциялар, семинарлар;<br>- университеттик конференциялар, семинарлар ж.б. |

Конкурстун катышуучусу ______________________________________________

(аты-жөнү, колу)

Жогорудагы маалыматтардын туура экендигин тастыктайм,

Факультеттин деканы ________________________________________________

М.о. (аты-жөнү, колу)

Дата _____________

***Эскертүү:*** *маалыматтар акыркы 3 жыл ичиндеги болушу керек*

**3-тиркеме**

**Жюри мүчөлөрүнүн "ОшМУнун мыкты окутуучусу-2023" конкурсунун финалдык этабы боюнча баалоо барагы**

____________________________________________

(талапкердин аты-жөнү)

| Тапшырма | Аткаруу шарты | Баалоонун критерийлери | Балл |
|---|---|---|---|
| Билим берүүнүн учурдагы тенденцияларын чагылткан мастер-класс, (тема эркин тандалат)<br><br>(max.: 40 балл) | Видео, аудио, компьютердик, о.э. вербалдык эмес каражаттарды, таасир берүүнүн башка каражаттарын колдонуп, өзү жана кесиби жөнүндө маалымдоо. Убактысы – 15 мин. | ▪ Учурдагы кесиптик билим берүүнүн тенденцияларынын актуалдуулугун чагылдыруу деңгээли – (0-5 б);<br>▪ негизги идеялардын так формулировкасы, өз оюн баяндай билүүсү (0,5 б.);<br>▪ педагогикалык позициялардын ынанымдуулугу (0,5 б.);<br>▪ өздүк анализге жөндөмдүүлүк (0,5 б.);<br>▪ педагогдун чыгармачыл потенциалы (0,5 б.);<br>▪ эстетикалык кооздоо, жүзөгө ашыруунун техникалык деңгээли (0,5 б.);<br>▪ материалдын баяндалышынын оригиналдуулугу жана таасирдүүлүгү – (0-5 б);<br>▪ Сүйлөө речинин, ойду жеткирүүнүн ачыктыгы, логикалык ыргактуулугу, сабаттуулугу – (0-5 б). | |
| **Жалпы: (40 баллдан ашпайт)** | | | |

Эксперттин аты-жөнү __________________________________ ______________

*(кол тамгасы)*

"____"________________2023-жыл

**4-тиркеме**

**Дисциплинанын окуу-методикалык комплексин баалоо барагы_____________________________________________**

*(талапкердин аты-жөнү, дисципл.аталышы)*

| Тапшырма | Баалоонун критерийлери | балл |
|---|---|---|
| Аннотация (max. 15 балл) | • Дисциплинанын НББПдагы статусунун аныкталышы (0-5 балл);<br>• Дисциплинаны ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон баштапкы даярдыкка коюлуучу талаптардын коюлушу (компетенциялардын оптималдуу, так аныкталашы) (0-5 б.);<br>• Дисциплинанын максаттарын жана окутуунун натыйжаларынын аныкталышы (0-5б.); | |
| Жумушчу программа (max. 15 балл) | • Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелиши, стандарттын мазмунунун чагылдырылышы (0-3 б.);<br>• Дисциплинанын өздөштүрүүгө бөлүнгөн сааттардын көлөмү (оптималдуу бөлүштүрүлүшү) (0-3 б.);<br>• Сабактардын түрлөрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшүнүн тематикалык планы жана алардын компетенцияларды калыптандырууга багытталышы (0-3 б.);<br>• Билим берүү технологияларынын камтылышы жана окуу-методикалык жактан камсыздалышы (0-3 б.);<br>• Баалоо каражаттарынын, критерийлердин аныкталышы (0-3 б.); | |
| Силлабус (max. 15 балл) | • Үйрөнүлүүчү дисциплинанын мүнөздөмөсү, максаттарынын, окутуу натыйжаларынын калыптандырылуучу компетенциялардын чагылдырылышы (0-3 б.);<br>• Дисциплинанын ар бир сабагынын тематикалык бөлүштүрүлүшү, убакыттардын так көрсөтүлүшү (0-3 б.);<br>• Тапшырмалардын оптималдуу көлөмү, окутуучунун талаптары (0-3 б.);<br>• Окуу-методикалык көрсөтмөлөрдүн берилиши (0-3 б.);<br>• Модулдардын: билимди учурдук текшерүүнүн, аралык текшерүүнүн жана жыйынтык текшерүүнүн жадыбалы (0-3 б.); | |
| Окуу-методикалык материалдар (max. 20 балл) | • Лекциялык материалдардын абалы жана сапаты (басма жана электрондук түрдөгү тезистер, схемалар, презентациялар ж.б.) (0-5 б.);<br>• Лекциялардын ар бир темалары боюнча студенттердин билимин текшерүү үчүн тесттер жана тапшырмалар (0-3 б.);<br>• Семинардык (практикалык) сабактарда талкууланууча суроолордун маңызы менен таанышууга шарт түзүүчү ар бир тема боюнча окуу-методикалык материалдар (0-3 б.);<br>• Лабораториялык иштерди аткарууга көрсөтмөлөр жана теориялык жоболор (0-1 б.);<br>• Лабораториялык сабактарга даярдык жана аны өткөрүү менен байланышкан методикалык маселелер (0-1 б.);<br>• Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн методикасы, техникалык коопсуздук эрежелери (0-1 б.);<br>• СИИ, бүтүрүүчү квалификациялык иштер жана аларды аткаруу боюнча методикалык сунуштар (0-3 б.);<br>• Дисциплинаны үйрөнүү боюнча студенттер үчүн методикалык сунуштар (0-3 б.). | |
| Баалоо каражаттарынын фонду (max. 15 балл) | • Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фонду, алардын окутуунун натыйжасына негизделиши (0-5 б.);<br>• Билимди баалоонун критерийлери, методикалык сунуштарынын берилиши<br>• (0-5 б.);<br>• Билимди баалоонун механизмдеринин оптималдуу тандалышы (0-5 б.). | |
| | **Жалпы: (80 баллдан ашпайт)** | |

**Эксперттин аты-жөнү ________________________________ ___________________**

**“____”_______________2023-жыл**